**Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университети, И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети жана Б. Т. Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган К 13.22.653 диссертациялык кеңешини Ташбаева Гүлмайрам Абдиашимовнанын «Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-эненин ролу жана аны азыркы мектеп практикасында пайдаланууну өркүндөтүү» аттуу темадагы алдын ала коргоо жыйынынын №21.2**

## ПРОТОКОЛУ

**7-май, 2024-жыл Бишкек шаары,**

**Катышкандар:**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1. | Анаркулов Х.Ф. | педагогика илимдеринин доктору | 13.00.01<br>13.00.04 |
| 2. | Момуналиев С.М. | педагогика илимдеринин доктору | 13.00.01 |
| 3. | Карагозуева Г.Ж. | педагогика илимдеринин кандидаты | 13.00.01 |
| 4. | Асаналиев М.К. | педагогика илимдеринин доктору | 13.00.01 |
| 5. | Алимханов Э. | педагогика илимдеринин доктору | 13.00.04 |
| 6. | Доскараев Б. М. | педагогика илимдеринин доктору | 13.00.04 |
| 7. | Касымбекова С. I . | педагогика илимдеринин доктору | 13.00.04 |
| 8. | Кособаева Б.М. | педагогика илимдеринин доктору | 13.00.01 |
| 9. | Саралаев М.К. | педагогика илимдеринин кандидаты | 13.00.04 |
| 10. | Түлөбердиев К. К. | педагогика илимдеринин кандидаты | 13.00.01 |
| 11 | Узакбаев И. С . | педагогика илимдеринин кандидаты | 13.00.04 |
| 12. | Шевченко Т. Н. _ | педагогика илимдеринин кандидаты | 13.00.04 |

**Кошумча чакырылган адистер:**

1. Джолдошбекова С.А. - п.и.к., доцент 13.00.01

**Жыйындын төрагасы:** педагогика илимдеринин доктору, профессор Анаркулов Ф.Х.

**Окумуштуу катчысы:** педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Карагозуева Г.Ж.

ЖАКтын төрагасынын буйругу менен бекитилген диссертациялык кеңештин 12 мүчөсүнөн 10 мүчөсү катышууда, алардын ичинен 2 мүчөсү талкууланып жаткан диссертациянын багыты боюнча илимдин докторлору. Кеңештин жыйынын ачуу сунушу бар.

## КҮН ТАРТИБИ:

**1. Б. Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын, Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин, И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин алдындагы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча К.13.22.653 диссертациялык кеңешинде 13.00.01 — жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча Ташбаева Гүлмайрам Абдиашимовнанын «Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-эненин ролу жана аны азыркы мектеп практикасында пайдаланууну өркүндөтүү» аттуу темадагы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн үчүн жазылган диссертациялык ишин алдын ала коргоо.**

Диссертациялык иш Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек эл аралык университетинин мектепке чейинки жана башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчи**: **Муратов Абдыкерим Жаркынбаевич** – педагогика илимдеринин доктору, профессор, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын профессору.

**Төрага:** Диссертациянын негизги мазмунун, жоболорун баяндап берүү үчүн сөз изденүүчүгө берилет (Докладдын тексти тиркелет**).**

**Төрага:** Доклад бүттү. Марат Кадыкеевич суроо бериңиз.

**Саралаев М.К. - педагогика илимдеринин доктору, профессор.**

Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекке шаар жана айыл жеринде жашаган ата-энелер кантип тарбиялаган?

**Изденүүчү:** Рахмат суроонузга. Салттуу кыргыз үй-бүлөлөрүндө балдарды эмгекке тарбиялоо чоң мааниге ээ болгон. Бул процесс ата-энелердин жана улуулардын тажрыйбасын жана билимдерин кийинки муунга өткөрүп берүү аркылуу ишке ашырылган. Шаар жана айыл жериндеги тарбиялоо ыкмалары айрым учурларда айырмаланганы менен, алардын ортосундагы окшоштуктар да бар. Айыл жеринде жашаган кыргыздар көбүнчө көчмөн чарбачылыкка жана дыйканчылыкка негизделген экономикалык иштер менен алектенишкен. Бул турмуштун шарты балдарды жашынан эмгекке тарбиялоого зор маанилүүлүк берген. Балдар ата-энелеринин жана улуулардын эмгектенүүсүнөн үлгү алышкан. Алардын аракеттерин көрүү аркылуу эмгектин ар түрдүү түрлөрүнө үйрөнүшкөн. Балдардын жашына жана мүмкүнчүлүктөрүнө жараша милдеттер бөлүнгөн. Кичинекей балдар малды карап, уй саап, майда иштерге жардам беришкен, ал эми чоңоюп калгандары талаа жумуштарына жана башка оор иштерге тартылышкан. Айылдагы турмуштун талаптарына ылайык, балдарга турмуштук жана чарбалык көндүмдөр үйрөтүлгөн. Бул негизинен мал чарбачылыгы, эгин айдоо, тамак-аш даярдоо жана кол өнөрчүлүккө байланыштуу болгон.

Шаар жериндеги жашоо шарты айылдан кыйла айырмалангандыктан, балдарды эмгекке тарбиялоо ыкмалары да өзгөчөлүктөргө ээ болгон:

Шаардагы балдар мектепке жана кошумча билим берүү борборлоруна баргандыктан, алардын негизги милдети билим алуу болгон. Эмгекке тарбиялоо көбүнчө үй жумуштары жана кошумча иш-чаралар аркылуу жүргүзүлгөн.

Айылда жана шаарда жашаган кыргыз ата-энелеринин балдарды эмгекке тарбиялоо ыкмалары турмуш шарттарына ылайыкташтырылган. Айылда көбүрөөк турмуштук көндүмдөргө жана айыл чарбасына басым жасалса, шаарда билим берүү жана кесипке даярдоо негизги максат болгон. Бирок, бардык учурда ата-энелер балдарынын өз алдынча жана жоопкерчиликтүү инсан болуп калыптанышына умтулушкан.

**Төрага:** Гүлзада Женишбековна, суроо бериңиз.

**Карагозуева Г.Ж.** Тортүнчү милдетте көрсөтүлгөндөй кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекке тарбиялоодо ата-энелер колдонгон кандай ыкмаларды, формаларды билесиң?

**Изденүүчү:** Рахмат суроонузга. Балдарды эмгекке тарбиялоодо ата-энелер ар кандай ыкмаларды жана формаларды колдонушат. Бул ыкмалар балдардын жашына, турмуштук шарттарына жана маданий өзгөчөлүктөрүнө жараша ар түрдүү болушу мүмкүн. Биздин изилдөөдө тарбиялоонун төмөнкүдөй формаларын колдондук:

1. Массалык
2. Брифингдик
3. Жеке
4. Группалык

**Төрага:** Менде төмөнкүдөй суроо бар, салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө баланы канча жаштан баштап тарбиялайт? Экспериментке канчанчы класстарды алдынар?

**Изденүүчү:** Рахмат суроонузга. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө баланы тарбиялоо өтө эрте жаштан башталат. Баланы тарбиялоо процесси анын төрөлгөн күнүнөн тартып эле башталып, ар кандай баскычтарда улантылып, калыптанат. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө бала тарбиялоо жараяны өтө эрте жаштан башталып, баланын төрөлгөн күнүнөн тартып уланат. Бул процесс ар кандай этаптарда ар түрдүү ыкмаларды жана формаларды камтып, баланын

бардык жактан өнүгүшүнө, анын ичинен физикалык, эмоционалдык, моралдык жана интеллектуалдык жактан калыптануусуна багытталган. Ата-энелер жана улуу муундар балдарды өзүлөрүнүн жүрүм-туруму жана эмгекчилдиги менен үлгү болуп, алардын келечекте жоопкерчиликтүү жана ийгиликтүү инсан болуп калыптанышына жардам беришет. Жалпылап алганда экспериментке 7-8-класстын окуучулары катышты.

**Төрага:** Процедура боюнча кийинки сөз илимий жетекчи профессор Муратов Абдикерим Жаркынбаевичке берилет.

**Муратов А.Ж.** - педагогика илимдеринин доктору, профессор (Илимий жетекчинин пикири тиркелет).

**Төрага**: Эми сөздү эксперттерге берсек. Сөз профессор Момуналиев Сатканбайга берилет.

**Момуналиев С.** Бул жумуштук кабыл алынганыма бир топ убакыт болду. Окуп чыгып мен абдан көп сын-пикиримди, сунуштарымды бердим. Бул "Салттуу кыргыз үй бүлосүндө балдарды эмгелчилдикке тарбиялоодо ата-эненин ролу жана аны азыркы мектеп практикасында пайдаланууну өнүктүрүү" деген изилдөөдө азыркы үй бүлөдө балдарга тарбия берүүнүн ата-бабадан бери келе жаткан тарбиялоө салттары, аны учурдун талабына ыңгайлаштыруу, ылайыкташтыруу проблемалары жөнүндө сөз кылынып, бул багытта жүргүзүлгөн изилдөөнүн натыйжалары сунушталган. Коом жаңыланып, заман өзгөрүүдө, ошондой эле үй бүлө, үй бүлөдогү жана билим берүү мекемелериндеги окутуу менен тарбиялөонун максаты, милдетттери, мазмуну да өзгорүп жаңыланууда. Азыркы мектеп окуучулары дүйнөдөгү жаңылыктарды мугалимдерден гана албастан, ар түрдүү булактардан (телевизор, чөнтөк телефон, гезит-журналдардан) алышууда. Көпчүлүк жаштар, айрыкча, шаардагы жаштар, улуттук баалуулуктарга кайдыгер карашып, ата-бабанын салттарын унутушууда. Албетте, бул – кооптуу көрүнүш. Демек, азыркы билим берүү менен тарбиянын эң негизги вазийпасы улуттуулукту, улуттук дөөлөтөрдү сактап калуу. Диссертация

мына ушул максатты жүзөгө ашырууга арналган, демек, изилдөө учурдун талабына жооп берип, маанилүү болуп саналат.

Диссертанттын эксперимент үчүн иштеп чыккан материалдары жана салттуу үй бүлөдөгү таалим-тарбия берүү ишмердүүлүгүнүн модели, жогорку окуу жайындагы окутуучулардын кесиптик модели иштелип чыгылып, аны үйдө, мектепте уюштурууда колдонулган окутуу методдорунун, жүзөгө ашыруу каражаттарынын мазмуну такталган, ошондой эле ата-энелердин педагогикалык билимин өркүндөтүүнүн зарылдыгы белгиленген.

Алынган натыйжалар изденүүчүнүн изилдеп жаткан проблема боюнча илимий-практикалык билиминин жетиштүүлүгүн, өзүнүн мугалимдик тажрыйсынын байлыгын тастыктайт. Диссертанттын салттуу үй бүлөдө эмгекке тарбиялоо боюнча сунуштаган моделдери, иштелмелери мектеп практикасына сунуштоо, кийирүү педагогикалык эксперимент аркылуу ырасталган.

Ташбаева Гүлмайрам Абдиашымовна тарабынан даярдалган диссертация салттуу үй бүлөдөгү ата-энелер менен мугалимдерди иш-аракеттерин калыптандырууга багытталган, илимий-практикалык мааниге ээ, учурда олуттуу илимий-практикалык проблемаларды ар тараптуу теориялык жана усулдук жактан жүзөгө ашырган изилдөө болуп саналат.

**Изилдөөдө төмөнкү натыйжалар алынган:**

Изилдөөнүн натыйжалары ата-энелер үчүн, ошондой эле мугалимдер жана педагогикалык жамаат үчүн зарыл, керек, маанилүү; диссертант тарабынан иштелип чыккан салттууу үй бүлөдөгү эмгекке тарбиялоонун метод, ыкмалары боюнча окуу программаларын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорду иштеп чыгууга негиз боло алат.

Айтылган кемчиликтер оңдолду, ошондуктан диссертациялык кеңешке Ташбаева Гүлмайрам Абдиашимовнанын «Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-эненин ролу жана аны азыркы

мектеп практикасында пайдаланууну өркүндөтүү» деген темадагы диссертациясын алдын ала коргоого кабыл алууга сунуш кылууга болот.

**Төрага**: Сөз экинчи эксперт, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Сарылкан Апиевнага берилет.

**Джолдошбекова С.А.** Мен эксперт катары бул диссертациялык ишти кызыгуу менен карап чыктым. Изденүүчү Ташбаева Гүлмайрам Абдиашимовна тарабынан даярдалган «Салттуу кыргыз үй – бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата эненин ролу жана аны азыркы мектеп практикасында пайдаланууну өркүндөтүү» аттуу диссертациясы өзүнүн обьектиси, предмети, изилдөө методдору боюнча К 13.22.653 Диссертациялык кеңештин багытына, профилине туура келет.

Иште, кыргыз элинин менталитетине, философиясына, психологиясына таандык, ошолордон келип чыккан жана кылымдар бою элдик практикада апробацияланган тарбиялык потенциалдар көрсөтүлгөн. Кыргыз эл педагогикасында, анын ичинде ата-энелердин балдарды тарбиялоодо эмгек жалпы адамзаттык, универсалдык, этникалык жана индивидуалдык баалуулук катары каралат да, адамдын тарбия алгандыгынын эң биринчи багыты, анын эмгекти сүйөрлүгү, эмгектене билгендиги менен өлчөнөт. Улуттун өзүн-өзү аңдап түшүнүүсү азыркы этапта сөзсүз түрдө ошол улуттун башаттары, тарыхый тамыры менен байланышары талашсыз.

Диссертациялык иштин милдеттери негизинен изилдөөнүн максатына илимий жол менен жетүүгө, коюлган илимий божомолду туура чечүүгө жана ишке ашырууга багытталып алынган.

Изденүүчү тарабынан, диссертациялык изилдөө ишинин максатына жетүү жана милдеттерин ишке ашыруу үчүн педагогика илиминин негизги изилдөө методдорунан болгон баардык теориялык жана эмпирикалык изилдөө методдору, ошондой эле жалпы логикалык, тарыхый-салыштырма, структуралык жана социологиялык методдору кеңири колдонулуп, изилдөө иштери аткарылган. Изилдөө методдорун колдонуу менен алынган илимий жыйынтыктар соңунда педагогикалык эксперимент жүргүзүү менен

текшерилип, экспериментaлдык материалдардын ишенимдүүлүгү текшерилип, алынган жыйынтыктардын эффективдүүлүгү аныкталган.

Негизинен диссертациялык иш илимий жактан талап кылынган деңгээлде даярдалган. Биздин оюбузча диссертациянын баптарынын корутундулары жана илимий эмгектин жалпы корутундулары эмгектин максатына, милдеттерине жараша кайрадан редакцияланып, так жана негиздүү илимий тилде жыйынтыкталып берүүнү талап кылат. Корутундулар изилдөөнүн милдеттерине жана аткарылган изилдөөлөрдүн жыйынтыктарына карата так жооп ирээтинде берилсе жана илимий мазмундуу сүйлөмдөр менен редакцияланып иштелип чыгып түзүлсө, диссертациялык иштин баалуулугу жогору болот.

Диссертацияда орун алып калган айрым татаал, бир канча ойлорду камтыган сүйлөмдорду кайрадан карап чыгуу жана жөнөкөй түшүнүктүү тилде берүү туура болот; диссертациянын сүйлөмдөрүнүн мазмунун мүмкүн болушунча илимий тилде жана стилде берилишине көңүл буруу керектиги сунушталат.

Мен эксперт катары бул диссертацияны коргоого сунуш кылууга болот деп белгилейм.

**Төрага:** Сөз үчүнчү эксперт педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Калыбек Кемеловичке берилет.

**Тулобердиев К.К.** Корсөтүлгөн кандидаттык диссертация диссертациялык кеңештин профилине дал келет. Иштин мазмуну 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигинин паспортуна жооп берет жана негизги натыйжалары кыргыздардын үй-бүлө педагогикасында жаш балдарды эмгекти сүйүүго, эмгекчил кылып өстүрүүгө үйрөтүүдө ата-эненин функциясын учурдагы билим берүү уюмдарында колдонуунун ыкмалары, жолдору аныкталган жана алар мектептин азыркы практикасына пайдаланууга жарамдуулугу текшерилген.Мектептин жана мугалимдин негизги функциясы – кыргыз элинин салтташкан үй-бүлөсүндө балдарды эмгекке көнүктүрүүдөгү ата-энелердин орду туура аныкталып, бул

процесстеги элдик педагогикалык ойлорду жана тажрыйбаларды азыркы окуучулардын эмгекчилдик сапаттарын өнүктүрүүгө, аларды эмгекке тарбиялоого көмөктөшүүнү жогорулатуугатийгизген таасирин тастыктоо боюнча педагогикалык эксперименттин натыйжасы жыйынтыктары ишенимдүү тастыкталган.

Практикалык жана педагогикалык тажрыйбалык иштердин уюштурулушун, жүрүшүн жана жыйынтыгын чыгарууга арналып, анда иштеп чыккан салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-энелердин ролун азыркы мектепте колдонуунун модели аныкталган жана ал модель азыркы мектеп практикасына колдонууга канчалык деңгээлде жарактуу экендиги текшерилген.

3.2. Илимий натыйжалардын ишенимдүүлүгү олуттуу теориялык жоболорго таянуу, илимий булактарды окуп-үйрөнүү, анализдөө, аныктоочу, калыптандыруучу жана текшерүүчү педагогикалык эксперменттерди жүргүзүү, алынган эмпирикалык материалдарды анализдөө, жалпылоо жана синтездөө ыкмаларын колдонгондугу менен бекемделет.

3.3. Иштин жетиштүү деңгээлдеги теориялык мааниси бар,кыргыз элдик педагогикасынын баалуулуктарынын үлгүсүндо балдарды эмгекчил болууга ата-энелердин тарбиялоо өзгөчолүктөрүн бүгүнкү күндө мектептерде пайдалануунун мүмкүнчүлүктөрү айкындалган жана тийиштүү илимий-педагогикалык көз карашты калыптандырууга олуттуу салым кошот.

3.4. Квалификациялык белгилерге туура келиши. Диссертациядагы материалдар, салттуу тарбиялоо ыкмалары азыркы мектеп окуучуларын эмгекти сүйүүгө, эмгекчил болууга үйрөтүү, көнүктүрүү процессинде да өтө зарыл баалуулук экендиги аныкталган,жетиштүү илимий жаңылыкка жана баалуулукка ээ. Диссертациялык жумуш Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин Мектепке чейинки жана башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы кафедрасынын илимий-изилдөө иштеринин тематикалык планынын алкагында аткарылган жана анын жыйынтыктары билим берүү тармагынын масштабында кеңири колдонууга татыктуу.

Автореферат диссертациянын мазмунуна, андагы коюлган изилдөөнүн макасатына жана милдеттерине толугу менен дал келет. Автореферат кыргыз, орус, англис тилдеринде окшош резюмелерге ээ.

Мүчүлүштүктөрдүн үстүнөн тыкыр иштөөнү жана тартипке келтирүүнү сунуштайм. Белгиленген мүчүлүштүктөрдү жойгон соң кабыл алууга жана алдын ала коргоого сунуштаса болот.

Жогоруда белгиленген кемчиликтер, кол жазмада жана авторефератта орун алган айрым мүчүлүштүктөр диссертациялык иштин жана илимий баалуулугуна жана сапатына өтө чоң терс таасирин тийгизбейт. Алынган илимий жыйынтыктардын, натыйжалардын, жоболордун жана практикалык сунуштардын илимий, илимий-методикалык жана илимий-теориялык маанилүүлүгү бар.

Эксперт катары бул диссертацияны алдын коргоого сунуш кылууга болот деп белгилейм.

**Төрага:** Талкууну Марат Кадыкеевич баштап берет.

**Саралаев М.К.** Мен изденүүчүгө суроо бердим, бирок канааттандыраарлык жооп ала албадым. Айылда жашаган ата-энелер менен шаарда жашаган ата-энелердин айырмачылыктары бир нече аспектиден каралышы мүмкүн. Бул айырмачылыктар жашоо шарты, балдарды тарбиялоо стили, экономикалык шарттар, социалдык жана маданий мүмкүнчүлүктөр боюнча бөлүнөт.

*Жашоо Шарты*

*Айылда жашоо:*

*Табигый чөйрө*: Айылда көбүнчө таза аба, тынчтык жана табиятка жакындык бар.

*Жашоо темпи*: Айылда жашоо темпи жайыраак, стресстен алыс.

*Жашоо шарты*: Айылда үй-тиричилик иштеринин көпчүлүгү өз колу менен аткарылат.

*Шаарда жашоо:*

*Инфраструктура:* Шаарда медициналык кызматтар, билим берүү мекемелери жана башка коомдук кызматтар кеңири жана жеткиликтүү.

*Жашоо темпи:* Шаарда жашоо темпи тезирээк, көбүрөөк стресске алып келет.

*Технологиялар:* Шаарда интернет, транспорт жана башка технологиялык мүмкүнчүлүктөр кеңири жайылган.

*Балдарды Тарбиялоо Стили*

*Айылда:*

*Жаратылышка тарбия:* Балдар көбүнчө табият менен, жаныбарлар менен көбүрөөк байланышта болушат.

*Көпчүлүк иштерге катышуу*: Балдар эрте жаштан үй-тиричилик иштерине жана чарбалык иштерге тартылышат.

*Шаарда:*

*Билим берүү мүмкүнчүлүктөрү*: Шаарда балдардын билим алууга мүмкүнчүлүктөрү көбүрөөк, ар кандай секциялар, курстар жана кошумча билим берүү мекемелери коп.

*Коомдук байланыштар:* Балдар ар түрдүү социалдык жана маданий иш-чараларга катыша алышат.

Айылда жана шаарда жашаган ата-энелердин жашоо шарты, балдарды тарбиялоо стили жана социалдык мүмкүнчүлүктөрү бир топ айырмаланат. Ар бир чөйрөнүн өзүнө тиешелүү артыкчылыктары жана кемчиликтери бар жана булар балдарды тарбиялоого, алардын келечегине жана жалпы жашоонун сапатына чоң таасир этет.

**Төрага**: Сөз педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Ибрайимжан Советовичке берилет.

**Узакбаев И.С.** Мен авторефераттын мазмуну аркылуу оюмду айтам.

Биринчиден, салттуу тарбия берүүнүн үйдөгү жана мектептеги жүзөгө ашырылышы салыштырылбай, көмүскөдө калтырылган. Эмгек тарбиясы – мектептеги тарбиялоонун негизги формаларынын бири болуп эсептелет, адептик тарбия, акыл тарбиясы, эстетикалык тарбия, дене тарбиясы деген

сыяктуу эле комплекстүү тарбиялык иштердин курамдык бөлүгү. Анын максаты – окуучулардын эмгекке чыгармачыл жана аң-сезимдүү мамиле кылуусуна, эмгекти сүйүүсүнө жетиштүү.

*Анын милдеттери:*

- мындай тарбия жүргүзүү менен окуучулар коомдогу, өзүнүн жеке жашоосундагы эмгек кылуунун максатын жана анын натыйжасын түшүнүүгө жетишет;
- эмгектин түрлөрү болгон акыл эмгеги менен күч эмгегинин ортосундагы айырмачылыкты, жакындыкты аңдап билет;
- эмгекти жөн эле кара күч менен иштей берүү деп түшүнбөй, ага акыл-эс, аң-сезим менен мамиле кылууну үйрөнөт;
- эмгекке компетенттүүлүктөрү калыптанат;
- эмгек маданиятына көнүгөт;
- эмгек процессинде иштөөнү, өзүн алып жүрүүнү жана эмгекти уюштурууну үйрөнөт;
- өзүнүн келечектеги кесибин тандоого жол ачылат.

Экинчиден салттуу үй бүлөдө эмгекке тарбиялоо иши мектеп менен үстүрт байланыштырылган. Жалпы билим берүүчү мектептерди технология сабактарында жана класстан тышкаркы иштерде колдонулуп жүргөн эффективдүү ыкмалардын бири – кол өнөрчүлүк буюмдарын жасоо. Советтик учурда А.Гайдардын «Тимур жана анын командасы» деген чыгармасынын таасиринен улам XX кылымдын 30-жылдарынан тарта «Тимурчулар командасы» деген пионерлердин жана комсомолдордун кыймылдары уюштурулуп, алар кары-картаң, оорулуу адамдардын, согуш майыптарынын үйлөрүнө барып, алардын ар түрдүү жумуштарын аткарып турган. Мектептерде «Өндүрүштүк бригада» дегендер да болуп, окуучуларга колхоз-совхоздор жер аянтын бөлүп берип, ошол жерге ар түрдүү эгиндерди өстүрүп, бул жумушта балдар-кыздар кезектешип аткарган ж.б.

**Төрага:** Мен дагы өзүмдүн пикиримди билдире кетейин

Мен эксперттердин пикирин сыйлайм, абдан көп жумуш жасалыптыр, ошондуктан ушул деңгээлгн жетти. Бирок ошого карабастан оңдоло турган нерселер бар. Бул экинчи бапка байланыштуу. Экнчи бапта изилдөөнүн методологиясы жана методу чагылдырылып, изилдөөнүн обьектиси жана предмети мүнөздөлүш керек, бирок бул жерде обьекти менен предмети жалпы берилип калган. Кемчиликсиз жумуш болбойт, бирок терминологиялык стилистикалык каталар, сүйлөмдүн түзүлүштөрүндө көптөгөн катачылыктар кездешет. Мен бул ишти коргоогоо сунуштайм.

**Төрага:** Сөздү окумуштуу катчы Г.Ж.Карагозуевага берем.

**Окумуштуу-катчы:** Диссертациялык изилдөө боюнча төмөнкүлөрдү белгилейм:

**Диссертациялык кецешке диссертациялык изилдөөлөрдү коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши**. Диссертацияда салттуу үй-бүлөдө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоонун педагогикалык шарттары аныкталып, педагогикалык эксперимент аркылуу тастыкталып, илимий-практикалык сунуштар иштелип чыкты.

**1. Диссертацияныи темасынын актуалдуулугу.** Азыркы кыргыз коомундагы соцалдык-саясый, экономикалык, маданий-руханий өзгөрүүлөр, анын ичинде эмгек рыногундагы атаандаштык, жумушсуздуктун жана социалдык абалдын оорлошу, ички жана тышкы миграциянын толкуну жаштарды эмгекке тарбиялоону өркүндөтүүнү, дүйнөлүк тажрыйбага ылайык жаңылоону талап кылат. Улуттук негизге таянган кыргыз мектептери ушул тапта өзүнүн атуулдук позициясы калыптанган, ар тараптан тарбияланган инсанга муктаж, мына ушул муктаждыкты канааттандыруу үчүн азыркы кыргыз педагогикасы элдик тарбиянын салттары менен тарбиялоонун ыкмаларын жана жолдорун көрсөткөн илимий жоболорго, теориялык жана практикалык сунуштарга муктаж.

Кыргыз эл педагогикасынын эмгекке тарбиялоо жана балдарды социалдаштыруу боюнча тажрыйбалары коомдук турмуштун

деградациясындагы, массалык маданияттын туура эмес таасириндеги адепсиз, жалкоо, кылмышкер, баңги ж.б. терс сапаттагы балдардын азаюуусуна өбөлгө түзүп бермек. Билим берүү уюмдарындагы тарбиялоо практикасы тарбиялануучулардын улуттук жана регионалдык өзгөчөлүктөрүн, элдик акылмандыктын салттарын, этнопсихологиялык кырдаалдарды эске албаган учурда өз натыйжасын биз каалагандай корсөтө албай тургандыгын тастыктап келет. Элдин жашоосундагы эмгекке тарбиялоо тууралуу элдик педагогиканын идеясы – жалпы адамзаттык мааниге ээ, тарбиялоонун бул түрү болбосо акыл-эс, эстетикалык, адептик, дене-бой тарбиясы өз деңгээлинде ишке ашпайт, алардын баары эмгекке тарбиялоодон келип чыгат.

**2. Изилдөөнүн максаты:** Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодогу ата-эненин ролу жана аларды азыркы мектеп практикасында пайдалануунун жолдорун, ыкмаларын теориялык жактан ачып берүү.

**3. Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Кыргыз салттуу үй-бүлөсүндө балдарды эмгекке тарбиялоодогу ата-эненин ролунун мазмунун, функцияларын жана аларды азыркы учурда колдонуунун маани-маңызын аныктоо.

2. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекке тарбиялоодо ата-эненин ролун көрсөтүүнүн илимий-педагогикалык эволюциясына анализ жүргүзүү.

3. Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекке тарбиялоодо ата-эненин ролун көрсөтүүнүн жана аларды азыркы мектепте колдонууну изилдөөнүн материалдарын, методологиялык таянычтарын жана методдорун аныктоо.

4. Кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекке тарбиялоодо ата-энелердин колдонгон ыкмаларын, формаларын, каражаттарын аныктоо жана аларды азыркы мектепте колдонуунун мүмкүнчүлүктөрүн сунуш кылып, аларды педагогикалык тажрыйбада сынактан өткөрүү.

**4. Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы:** «Салттуу кыргыз үй-бүлөсү», «Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндөгү эмгекке тарбиялоо», «Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндөгү эмгекке тарбиялоодо ата-эненин ролу» түшүнүктөрү заманбап илимий категориялар менен ачылып берилди; элдик педагогикадагы үй-бүлөдо эмгекке тарбиялоонун озгөчөлүктөрү, факторлору, методдору, ыкмалары талдоого алынды; кыргыз элдик педагогикасынын баалуулуктарынын үлгүсүндө балдарды эмгекчил болууга ата-энелердин тарбиялоо өзгөчөлүктөрүн бүгүнкү күндө мектептерде пайдалануунун мүмкүнчүлүктөрү айкындалды.

**5. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү**. Биздин эмгектеги сунуштар жогорку жана орто окуу жайларында кыргыз элдик педагогикасын окуп үйрөнүүдө, кыргыз этнопедагогикасы дисциплинасынын мазмунун байытууда, университеттердин жана мектептердин окуу программаларын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорун өркүндөтөтүп түзүүдо, жогорку окуу жайларында атайын курстарды жана семинарларды өтүүдө, мектептердин тарбиялык иш-чараларында жана тарбиялык сабактарында колдонулушу менен түшүндүрүлөт.

**6. Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

салттуу үй-бүлөдө ата-энелердин балдарын эмгекчилдикке тарбиялоосунун принциптери жана эмгекчилдиктин критерийлери;

- салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-энелер колдонгон тарбиялоонун формалары, жолдору, ыкмалары, каражаттары;
- салттуу үй-бүлөдө ата-энелердин балдарын эмгекчилдикке тарбиялоо салттарын азыркы мектептин, үй-бүлөнүн, жалпы коомдун педагогикалык практикасында пайдалануунун мүмкүнчүлүктөрү;
- салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды ата-энелер эмгекке тарбиялоодо колдонгон тажрыйбаларды педагогика илими иштеп чыккан теориялык-методологиялык негиздерге, дидактикалык принциптерге таянуу менен

учурдагы жаштардын тарбиялануусунун эффективдүүлүгүнө шарт түзөрүн илимий аспектиден тастыктоо.

**7. Изденүүчүнүн жеке салымы.** Педагогика илиминин соңку жетишкендиктерине негизделип алгачкы жолу салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекке тарбиялоодогу ата-эненин ролу аныкталды. Ал идеяларды азыркы шартта мектеп практикасында колдонууну өркүндөтүүнүн методдору, ыкмалары, каражаттары илимий багытта иштелип чыкты.

**Диссертациянын натыйжаларынын жарыяланышы:** Иштин негизги жоболору КР УАК талап кылган жалпы 12 макалада чагылдырылган. Алардын баары диссертациянын мазмунуна толук ылайык келет жана кандидаттык диссертацияларга коюлган талаптарга жооп берет.

**Диссертациянын натыйжаларынын жарыяланышынын толуктугу:**


**1.Ташбаева Г.А.**Салттуу кыргыз үй-бүлө түшүнүгүнүн этнопедагогикадагы орду [Текст] / Г.А. Ташбаева // Наука. Образование. Техника. – 2021. – № 1. – 137-143-бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=46525747

**2. Ташбаева Г.А.**Балдарды эмгекчилдикке тарбиялоонун кыргыз эл турмушундагы мааниси [Текст] / Г.А. Ташбаева // Наука. Образование. Техника. – 2021. – №1. – 131-136-бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=46525746

**3. Ташбаева Г.А.**Балдарды эмгекчилдикке тарбиялоо идеясынын кыргыз элинин оозеки адабиятында жана ырчылар чыгармачылыгында чагылдырылышы [Текст] / Г.А. Ташбаева // Интернаука: электрон. научн. журн. – 2021. – №7. – 183-189-бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=44826809

**4. Ташбаева Г.А.**Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-эненин ролу проблемасынын кыргыз педагогикасында изилдениши [Текст] / Г.А. Ташбаева //Ош мамлекеттик университетинин жарчысы. – 2021. – №6. – 130-133-бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=47956269

**5. Ташбаева Г.А.** Кыргыз элдик педагогикасында балдарды эмгекчилдикке тарбиялоо боюнча этнографиялык материалдар [Текст] / Г.А. Ташбаева // Ош мамлекеттик университетинин жарчысы. – 2021. – №6. – 231-236-бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=47956270

**6. Муратов, А.Ж., Ташбаева Г.А.** Кыргыз элинде балдарды эмгекчилдикке тарбиялоо салттары [Текст] /Муратов А.Ж., Г.А. Ташбаева // Эл аралык түрк дүйнөсүн изилдөө боюнча симпозиуму. – 2022. – №1 (43). – 54-57-бб. https://p.ayu.edu.kz/documents/0449d72c-2dad-4eb7-936f-c848229202de_VIII.

**7. Ташбаева Г.А.** Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекке тарбиялоодо ата-энелердин тажрыйбаларын азыркы учурда мектеп практикасында пайдалануунун жолдору [Текст] / Г.А. Ташбаева // Эл аралык

түрк дүйнөсүн изилдөө боюнча симпозиуму. – 2021. 156-160-бб. https://p.ayu.edu.kz/documents/0449d72c-2dad-4eb7-936f-c848229202de_VIII.

**8. Ташбаева Г.А.** Улуттук каада-салт, улуттук нарк-насил менен балдардыэмгекчилдикке тарбиялоо [Текст] / Г.А. Ташбаева // «Актуальные научные исследования в современном мире» ISCIENCE.IN.UA Вып. 4. – 2022.-С.161-167.
https://scholar.google.com.ua/citations?user=JP57y1kAAAAJ&hl=u

**9. Ташбаева Г.А.** Эмгекчилдикке тарбиялоо проблемасынын кыргыз педагогикасында изилдениши [Текст] / Г.А. Ташбаева // «Актуальные научные исследования в современном мире» ISCIENCE.IN.UA Вып. 4. – 2022.–С.140-145.
https://scholar.google.com.ua/citations?user=JP57y1kAAAAJ&hl=uk

**10. Ташбаева Г.А.**Upbringing of children in Kyrgyz families in the labor system[Текст] / Г.А. Ташбаева//Рефлексия– EDN FZHZIC. – 2021. –Вып. 4. – С. 33-36.

**11. Ташбаева Г.А.**Traditional upbringing of children in Kyrgyz families in the labor system [Текст] / Г.А. Ташбаева//Рефлексия– EDN FZHZIC. – 2021. – Вып. 4. – С. 38-41. https://elibrary.ru/item.asp?id=50036797

**12. Ташбаева Г.А.** Психолого-педагогическая поддержка адаптации студентов в условиях вуза[Текст] / Б. Н. Абдулахамидова, А. С. Байкенжиева, Д. Джудемишова. Ташбаева, Г.А. // "Российский государственный социальный университет" в г. Ош Киргызской Республики. – EDN – 2011. – Вып. 9. – С. 7-9. https://elibrary.ru/item.asp?id=35185558

**8. Авторефераттын мазмунунун диссертациянын мазмунуна дал келиши.** Изденүүчү Ташбаева Гүлмайрам Абдиашимовнанын «Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-эненин ролу жана азыркы мектеп практикасында пайдаланууну өркүндөтүү» аттуу темадагы 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип апуу үчүн жазылган диссертациялык иши бардык компоненттери боюнча авторефераттын мазмунуна негизинен дал келет.

Авторефераттын окшош түзүлгөн кыргыз, орус жана англис тилдериндеги

резюмеси бар.

**13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча кандидаттык диссертациясын алдын ала**

**коргоо боюнча К 13.22.653 диссертациялык кеңеши Ташбаева Гүлмайрам Абдиашимовнанын «Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-эненин ролу жана азыркы мектеп практикасында пайдаланууну өркүндөтүү» аттуу темадагы диссертациялык иши боюнча суроолорго берген жоопторун жана жарыш сөзгө чыгып сүйлөгөндөрдүн пикирлерин угуп, талкуулап, төмөнкүдөй**

**ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛДЫ:**

**1.** Педагогика илимдери боюнча Б. Т. Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын жана Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университети, И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин алдындагы кандидиттык окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган К 13.22.653 диссертациялык кеңешинин Ташбаева Гүлмайрам Абдиашимовнанын «Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-эненин ролу жана азыркы мектеп практикасында пайдаланууну өркүндөтүү» аттуу темадагы кандидаттык диссертациясы боюнча бүтүмү бекитилсин

2. Ташбаева Гүлмайрам Абдиашимовнанын «Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды эмгекчилдикке тарбиялоодо ата-эненин ролу жана азыркы мектеп практикасында пайдаланууну өркүндөтүү» темадагы 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы КР УАКтын Жобосунун 10 пунктунун толугу менен жооп берет деп эсептелсин жана ачык коргоого сунуш кылынсын.

3. ***Жетектөөчү* мекеме** катарында А.Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин педагогика жана психология кафедрасы бекитилсин;

**- биринчи официалдуу оппонент** катары педагогика илимдеринин доктору, профессор Кособаева Б.М.;

- **экинчи официалдуу оппонент** педагогика илимдеринин кандидаты, Мадаминов Г.М. дайындалсын.

**Төрага:** Чечимди кабыл алуу боюнча добуш берүүңүздөрдү суранам: Ким «Макул»? Бардыгы «Макул», «Каршы», «Калыс» - жок. Чечим бир добуштан кабыл алынды.

Кеңештин жыйынынын отурумун жабык деп жарыялаймын.

**Диссертациялык кеңештин торагасы,**
**педагогика илимдеринин доктору, профессор: Анаркулов Х.Ф.**

**Диссертациялык кеңештин окумушту**
**катчысы, педагогика илимдеринин**
**кандидаты,доцент: Карагозуева Г.Ж.**